DOI:10.26104/NNTIK.2022.17.74.052

*Раимкулова А.С., Муздыбаева А.*

# БОЛОЧОК ПЕДАГОГДУН МАДАНИЯТ АРАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МОДЕЛИ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

*Раимкулова А.С., Муздыбаева А.*

# ТЕХНОЛОГИИ И МОДЕЛЬ ФОРМИРОВАНИЯ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩЕГО ПЕДАГОГА

*A. Raimkulova, A. Muzdybaeva*

# TECHNOLOGIES AND MODEL OF FORMATION OF INTERCULTURAL COMPETENCE OF THE FUTURE TEACHER

*УДК: 372.8.37.043.2*

*Азыркы коомдун өсүп өнүгүү тенденциялары жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо жаңы талаптарды коюуда, ошону менен бирге көп маданияттуу чөйрөнү эске алып болочок педагогдун маданияттар аралык компетенттүүлүгүн компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу максаты азыркы замандын эң маанилүү талабы катары каралууда. Эл аралык карым катнаш чөйрөсүндөгү болуп жаткан мамилелер, билим берүү мазмунундагы инновациялар, маданияттар аралык өнүгүүсүндөгү динамикалык жактан оң жана терс процесстер жаңы типтеги педагогторду даярдоону талаптайт.Келечектин педагогун кесиптик жактан балуу билимдерде жана көндүмдөргө ээ кылуу менен бирге маданият аралык компетенцияларынын калыптанышына да маани берүү зарылчыгы келип чыгууда. Маданият аралык маселелерди чече алган, теориялык билими терең жана практикалык компетенцияларга ээ болуп жана аларды колдонууга жөндөмдүүлүгү бар келечектин педагогун даярдоодо заманбап окутуу технологияларын (маданият аралык багытында сынчыл ой пикирди жаратуу технологиялары, гумандуу барлашуунун негизин камсыз кылуу технологиялары ж.б.у.с.) салмы чон жана эң маанилүү.*

***Негизги сөздөр:*** *болочок педагог, окутуу технологиялар, калыптандыруу модели, компетенттүү мамиле, маданияттар аралык компетенттүүлүк, өнүгүү тенденциялары.*

*Тенденции развития современного общества предъявляют новые требования к подготовке высококвалифицированных специалистов, и в то же время с учетом поликультурной среды задача формирования межкультурной компетентности будущего педагога на основе компетентностного подхода рассматривается как важнейшее требование современности. Современные отношения в сфере международных отношений, инновации в содержании образования, динамичные позитивные и негативные процессы в межкультурном развитии требуют подготовки педагогов нового типа. Наряду с развитием у будущего педагога профессиональных знаний и умений необходимо уделить внимание формированию его межкультурных компетенций. Современные педагогические технологии (технологии формирования критического мышления в межкультурном направлении, технологии формирования основ гуманного общения и др.) используемые в подготовке будущих учителей, умеющих решать межкультурные задачи, обладающие глубокими теоретическими знаниями и практическими компетенциями имеют большой и важный вклад.*

***Ключевые слова:*** *будущий учитель, технологии обучения, модель формирования, компетентностный подход, межкультурная компетентность, тенденции развития.*

*Trends in the development of modern society impose new requirements for the training of highly qualified specialists, and at the same time, taking into account the multicultural environment, the task of forming the intercultural competence of the future teacher based on the competence-based approach is considered as the most important requirement of our time. Modern relations in the field of international relations, innovations in the content of education, dynamic positive and negative processes in intercultural development require the training of teachers of a new type. Along with the development of the future teacher's professional knowledge and skills, it is necessary to pay attention to the formation of his intercultural competencies. Modern pedagogical technologies (technologies for the formation of critical thinking in an intercultural direction, technologies for the formation of the foundations of humane communication, etc.) used in the training of future teachers who are able to solve intercultural problems, have deep theoretical knowledge and practical competencies have a great and important contribution.*

***Key words:*** *future teacher, teaching technologies, formation model, competence-based approach, intercultural competence, development trends.*

Дүйнөлүк постиндустриалдык коом жаңы фазага өтүп, маалыматтык мазмун, маданият жана тил маселелери алдыга жылып, маданий көп түрдүүлүк, ачыктык жана динамикалуу маданияттар аралык социалдык өнүгүүнү камсыз кылуу – азыркы замандын эң маанилүү талабы катары каралууда.

Заманбап билим берүү системасы көп өзгөрүлөргө ээ болуп, компетенттүү мамиленин негизинде болочок педагогдорду даярдоодо алдынкы милдеттердин бири – келечектин мугалимин көп маданияттуу чөйрөдө эффективдүү ишмердүүлүккө жана баарлашууга даярдоо менен бирге анын маданият аралык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналууда.

Болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу – бул маданий көп түрдүүлүктү аңдоого үйрөтүү, бул көп түрдүүлүккө толеранттуу мамиле кылууга жана өзүн маданияттуу алып жүрүү жөндөмдүүлүгү менен байланышкан манилүү түшүнүк. Ушуга байланыштуу жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо маселесин чечүүнүн маанилүү өбөлгөлөрү катары болочок мугалимдин маданияттар аралык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп

саналат. Аталган проблеманы чечиш үчүн заманбап билим берүү системасындагы инновациялык тенденциялар пайда болуп жана келечектин педагогун кесипкөй катары тарбиялоодо жаңы талаптар коюууда.

Азыркы билим берүү системасынын бирден бир алдынкы талабы катары кесиптик, ошону менен бирге маданият аралык жактан алган билими терең, ал билимин ар түрдүү жагдайларда колдоно алган, маданият аралык көйгөйлөрдү маңызын билип, чечүүгө даяр, заманбап көп маданият аралык компетенцияларга ээ болгон болочоктун педагогдун калыптандыруу маселеси жатат.

Азыркы коомдун талаптарына жараша болочок мугалимдердин маданият аралык компетенттүүлүгүн компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу максатында биз алардын билим берүү тутумунда теориялык жана практикалык даярдыгын бирдиктүү камсыз кылуу үчүн моделдештирүүнү колдоонуну чечтик. Модель деген сөз латын тилинен алынгын modulus - ченем, улгу дегенди түшүндүрөт [1, 138-б.].

Теоретикалык моделде максат, милдеттер, компоненттер, жалпы дидактикалык, маданият аралык билим берүү принциптери жана компетенттүү окутуунун принциптери камтылды.

Моделдин максаты – болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу.

Моделдин милдеттери:

1. Болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында дүйнөнүн жана өз өлкөсүнүн көп түрдүүлүгү жөнүндө билимдерин өнүктүрүү.

2. Коомдун маданий айырмачылыктарын эске алып, эл аралык карым катнаш чөйрөсүндөгү болуп жаткан мамилелерге карата болочок педагогдун өз алдынча жоопкерчилигин калыптандыруу.

3. Маданият аралык маанидеги карым катнашы бийик, башка ар түрлүү маданияттын өкүлдөрү менен сый мамиледе болууга даяр болгон болочок инсан-педагогду даярдоо.

Моделде төмөнкү компоненттер бөлүп көрсөтүлдү:

1) когнитивдик компонент (маданият аралык билимдерге, эл аралык карым катнашдагы даярдыкты камсыз кылуучу теоретикалык билимдерге ээ болуу ж.б.);

2) мазмундуулук компонент (дүйнөнүн жана өз өлкөсүнүн көп түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуу, гуманизмдин баалулуктар менен байланышкан ой жүгүртүүгө ээ болуу, маданият аралык маанидеги компетенцияларга ээ болуу ж.б.);

3) практикалык иш аракеттик компонент (азыркы коомдун маданий айырмачылыктарына карата оң көз караштьы көрсөттө билүү, маданий айырмачылыктарга туура мамиле түзөө билүү, алган билиминин негизинде маданият аралык мааңидеги милдеттерди чечүү үчүн калыптанган компетенцияларды иш жүзүндө колдонуу, ж.б.).

**Когнитивдик компоненттин көрсөткүчтөрү:**

- компетенттүү мамиленин агымдарды туура түшүнүү менен бирге заманбап билим берүү концепциясын таанып билүү, колдоо, анализ берүү жана терең кесиптик жана маданият аралык билимдерге ээ болуу;

- кесиптик жактан балуу ошону менен бирге маданият аралык билимдерди жана көндүмдөрдү таанып билүү компетенцияларына ээ болууга умтулуу;

- кесиптик, ошону менен бирге маданият аралык билимдерди чыгармачыл деңгээлде ойлонуштуруу, кесиптик жактан манилүү, ошону менен бирге маданият аралык иш чараларды жүзөгө ашырууда жаңычыл ой тологолорго ээ болуу, ж.б.

**Мазмундуулук компоненттин көрсөткүчтөрү:**

- азыркы коомдун баалуулук багыттарды билүү жана маданият аралык баалуулуктар боюнча тажрыйба топтоо компетенцияларына ээ болуу;

- ички жана тышкы мотивдердин айкалышуусунун негизинде маданият аралык жактан баалуу жүрүм-турумдун этикалык жана укуктук ченемдерин таанып-билүү жана сактоого даяр болуу;

- маданият аралык муктаждыктарын биле сезип жана туура канааттандырууга багытталган компетенцияларына ээ болуу ж.б.

**Практикалык-иш аракеттик компонентинин көрсөткүчтөрү:**

- азыркы коомдун маданий айырмачылыктарына карата оң көз караштьы көрсөтө билүү, маданий айырмачылыктарга карата туура мамиле түзөө билүү;

- алган билиминин негизинде маданият аралык маанидеги милдеттерди чечүү үчүн калыптанган компетенцияларды иш жүзүндө колдоно алуу;

- маданият аралык иш чараларды жүзөгө ашырууда эмоционалдык - эрктүү туруктулуугун көрсөтө алуу;

- ар кайсы маданият аралык кырдалдарды, көйгөйлөрдү чечүү максатында гумандуу баарлашуу компетенцияларына ээ болуу;

- адам сферасында жеке мамилелерди түзүүдө, ар кайсы маданият аралык мааңидеги окуяларга карата жеке оң позитивдүү мамилени тузөө билүү жана башкара алуу ж.б.

Көп тармактуу теоретикалык модели коомдук-гуманитардык циклдердин сабактарында, өзгөчө чет тилдерди үйрөнүү сабактарында маданият аралык билимдердин камтылышын болжолдойт.

Болочок мугалимдин маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун жалпы мазмундук аспектисинде бир нече керектүү элементтерди белгилеп кетүүнүн керектигин айтмакчыбыз:

- болочок мугалимдин маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун максаттарын компетенттүү мамиленин негизинде чектоо;
- болочок мугалимдин маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууда билим берүү мазмунун инновациялык тенденциялар менен айкалыштырып алып баруу;
- болочок мугалимдин маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууда дидактикалык, маданият аралык билим берүү принциптерин жана компетенттүү окутуунун принциптерин кеңири колдонуу;
- болочок мугалимдин теориялык жана практикалык даярдыгын бирдиктүү камсыз кылууда комдун талабына жараша маданият аралык жактан туруктуу өнүктүрүү маселелеринын маңызын туура чектөө жана проектирлөө.

Бул биз тараптан сунушталган моделди жүзөгө ашырууда, биздин өлкөнүн билим берүү тутумундагы акыркы жылдардагы өзгөрүүлөр мүнөздүү экенин белгилеп кетүүнү туура көрдүк. Алар:

- компетенттүү мамиленин негизинде окутуу;
- билим берүү аймагын санариптештирүү;
- электрондук окутууну киргизүү;
- инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы концепциясын ишке ашыруу [2, 21-б.] ж.б.

Натыйжада биз сунуштаган моделде азыркы билим берүү аймагындагы болуп жаткан жаңылануулар да эсепке алынышы керек.

Болочок педагогдун маданий аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруусу кесиптик билим берүү процесси аркылуу ишке ашат.

Изилдөө темасы боюнча педагогикалык адабияттарды үйрөөнүү, талдоо (П.С. Гуревич, Р.Р. Бикитаева, Н.Н. Назаренко ж.б.) кесиптик билим берүүнүн жалпы тутумунда болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууда кандай талаптар керектигинин мааниси ачылды.

Маданият аралык компетенттүүлүккө ээ болуу максатында болочок педагог гумандуу коммуникациянын мыйзамченемдүлүктөрүн, принциптерин билип, аларды колдоно алганды үйрөөнүшү керек жана өз көз карашын эркин, жеткиликтүү айта билип, улуттук-этикалык проблемалардын талкуулосуна катышканга даяр болушу абзел. Ошону менен бирге башка элдердин тарыхый окуяларына, ырым-жырымдарына, каада-салттарына көнүл буруп, баа берүүдө сылыктык көрсөтө алуу, ар кыл элдердин тарыхый-маданий мурастарын билүү, көп улуттуу билим берүү чөйрөсүндө компетенттүү иштөөнүн негизги ыкмаларына ээ болуу ж.б.у.с. компетенциялар болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүнүн негизин түзөт.

Биз тараптан сунушталган теоретикалык модели аркылуу болочок педагогдун маданий аралык компетенттүүлүгүн калыптанган деңгээлин диагностикалоодо төмөнкү методдор аркылуу ишке ашырылышы абзел:

- контролдук иштер;
- тесттик суроолор,тестирлөө;
- эссе жазуу;
- портфолио чогултуу;
- презентация колдонуу;
- өз алдынча тест түзүү;
- тажырыйба боюнча күндөлүк жазуу,
- эксперттик баалоо методу ж.б. ушу сыяктуу методдорду колдонсо болот.

Болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатынын алкагында окуу жылынын башында психологиялык диагностикалык иш-чараларды өткөрүү максатка ылайыктуу болду, анда изилденип жаткан багыт боюнча жагымсыз прогноздору бар студенттерди аныктады. Аныкталган көгөйдүн алкагында, 1-курстун студенттери үчүн окуу иш-чараларын уюштуруу эрежелерин өздөштүрүү, экзамендерге даярдануу, билим берүү мотивациясын жогорулатуу, коммуникациялык көндүмдөрдү өнүктүрүү жана окуу топторунда микроклиматты жакшыртууга багытталган иштиктүү оюндардын жана психологиялык тренингдердин системасын ишке ашыруу маанилүү экендиги далилденди. Ошону менен бирге сабактарды стандарттуу эмес өткөрүүнүн жолдорунун бири катары көйгөйлүү окутууну киргизүүгө көңүл буруу керектиги белгиленди, андан тышкары жеке психологиялык консультациялардын спектрин кеңейтүү; болочок мугалимдин маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында иштиктүү оюндарды жана тренингдерди өткөрүүгө көңүл буруу ж.б.у.с.

Биздин пикирибиз боюнча, болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууга төмөнкү окутуу технологиялар көмөктөшөрү далилденди,алар:

- окутуунун заманбап технологияларын колдонуу;
- маданият аралык иш-чараларына катышуу технологиялары;
- маданият аралык багытында сынчыл ой пикирди жаратуу технологиялары;
- гумандуу барлашуунун негизин камсыз кылуу технологиялары;
- көйгөйлүү окутуу технологиялары;
- проектирлөө технологиялары;
- маданият аралык маанидеги практикалык иш аракеттерди жаратуу технологиялары ж.б.

Профессор И.Бекбоевдин «Сабактын билим берүүчүлүк, тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттары бирдиктүү камтый турган касиеттүү дидактикалык милдеттер катары туюнтулушу керек» [3, 14-

б.] деген оюуна таянып, болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууда салттуу эмес окутуу технологияларга көңүл бурулушу зарыл демекчибиз.

Салттуу эмес окутуу технологияларды атап кетсек, алар: Вена Диаграммасы, Кызыктуу микрофон, Хлистерн технологиясы, Комментария алуу аренасы, Дебат сынагы ж.б. ушу сыяктуу технологиялар «эл аралык карым катнаштагы мамилени туура баамдай билүүнү, башка маданиятка толерантуу болуу сезимин жаратып, эмпатияны калыптандырып, маданият адамы болууга үндөйт...» [4, 17-б.].

Демек, салтуу эмес окутуу технологиялар чыгармачыл ой жүгүртүүнү максаттап, болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган сабактарды ишке ашырууга керектелет.

Жалпылап айтканда, болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теоретикалык модели заманбап компетенттүү мамиленин негиздерин эске алып түзүлгөн жана ар бир болочок мугалимди инсан катары тарбиялоону көздөгөн, ошону менен бирге төмөнкү талаптардын негизинде ишке ашыруу керек:

- болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандырууда төмөнкү түшүнүктөр эске аланышы керек «жалпы адамзаттын маданияттты», «гуманизмдин баалулуктары», «көп улуттуу билим берүү чөйрө», «компетенттүү мамиленин негизинде окутуу», «көп функциялуулук», «инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү маселеси», глобалдаштыруу көгөйү» «салтуу эмес окутуу технологиялары» ж.б.

- болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында коомдук-гуманитардык циклдердин сабактарынын маданият аралык жактан билим берүү потенциалын заманбап окутуу технологиялар менен интенсификациялоо;

- болочок педагогдун маданият аралык компетенттүүлүгүн калыптандыруусун ишке ашырууда жалпы адамзаттын маданияттынын баалуулугун жаңы сапаттагы маданият катары ырастоонун негизинде жүргүзүү.

**Адабияттар:**


1. Кузьмина Н.В Методы исследования педагогической деятельности. - Л.: Изд-во ЛГУ,1970. - 114 с.
2. Концепция о духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности на 2021-2026 гг. - МОиНКР, 2021. - 21 с.
3. Бекбоев И.Б. Главное в обучении компетентность педагога. - Бишкек: КАО. - 2020. - 24-б.
4. Бикитаева Р.Р. Формирование межкультурной компетентности студента: личностно-смысловой аспект. - дисс. канд. пед. наук. - Оренбург, 2007. - 196 с.
5. Курамаева Т.А., Раимкулова А.С., Иргебаева М.Н. Развитие профессиональной компетентности студентов высших учебных заведений в условиях информатизации. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №.5. С. 139-142.